# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭТНОГРАФИЯ ИЛИМИНИН ЧЫГААНДАРЫ

**Темирбаев Бердигул,**
*М.Рыскулбеков атындагы*
*илимий-изилдөө*
*Кыргыз экономика университети*

Дүйнөлүк мамлекеттердин өнүгүү тарыхында ар бир улуттун өзүнө таандык илими жана илимий ишмердүүлүгү калыптанат. Бул жагынан алганда, Кыргыз мамлекетинин дагы илимдеги өзгөчө орду бар. Тарыхый илимдердин катарында эл жана башка этностук жалпылыктарды, алардын этногенезин, турмуш-тиричилигин, маданий, тарыхый байланыштарын изилдөөчү илим бул этнография (этнология) илими болуп саналат. Акыркы учурда коомдук турмуштун өзгөрүп жатканына байланыштуу, этнология деп көп айтылып келет. Кандайынан алып айтпайлы этнография же этнология болобу "эл" "уруу" жөнүндө жазам деген байыркы гректердин сөзү[1]. Этнография илиминин изилдөө предметинин негизин – ар бир элдин өзүнө гана таандык мүнөз берген күнүмдүк турмуштун салттык маданияты түзөт. Этнография тарых, археология, экономика жана социология илимдери менен биргеликте элдердин этникалык тарыхын, элдердин чарбалык турмушун, социалдык түзүлүшүн, карым-катнаштарын жана байланыштарын изилдейт.

Кыргыз этнографиясынын тарыхына токтолсок, кыргыз этнографиясын жана этнологиялык маселелерин изилдөөдө айрыкча салым кошкон илимпоздор Белек Солтоноев, Какен Мамбеталиева, Өмүркул Караев, Имел Молдобаев,Сабыртокто Аттокуров, Абылабек Асанканов, Өскөн Осмонов, Тынчтыкбек Чоротегиндей белгилүү жана белдүү окумуштууларыбыз бар. Уучубуз куру эмес, башка дагы этнограф окумуштууларыбыз туурасында кийинчерээк өзгөчө кенири мазмунда макалалар жарык көрөт. Мен учурда өзүмдү окутуп калган эки этногаграф агайым туурасында жазганды туура көрдүм.

Сабыр Аттокуров агайым Нарын облусунун Жумгал районуна караштуу Лама айылында 1932-жылдын 12-апрелинде жарык дүйнөгө келген. Балалык чагы Улуу Ата Мекендик согушка туш келгендиктен, жетим бала болгондуктан Чаек айылындагы балдар интернатында чонойгон. Интернатты бүткөндөн кийин, Кыргыз мамлекеттик пединститутунун тарых факультетине кирип, 1953-жылы аны аяктайт. Институтту артыкчылык менен окуганына байланыштуу окутуучу болуп калат. Ал учурда өлкөбүздө улуттук кадрлардын жетишсиздиги дагы чон маселеден болгон. Жакшы окугандыктан, илимге болгон жөндөмү бар болгондуктан, аспирантурага тапшырып, 1956-жылы аны аяктаган.

Окумуштуу, чыныгы педагог-профессор катары анын ишмердүүлүгү 1956-жылдан тартып 1986-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик университетте (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Улуттук университет) эмгектенип келди. Сабыр Аттокуров агайым 1986-жылы "улутчул" деп, куугунтукка туш келди. Ошол кездеги Кыргызстан Компартиясынын идеологдору жазыксыз жерден жазалашты. Коммунисттик партиянын катарынан чыгарышты. "Жүрөгү" улут" деп күйгөн кыргыздын чыгаан профессору 1989-жылга чейин жумушсуз калды. Ошондо дагы кайратынан жазбай, Казакстанда болгон "Желтоксон" окуясына катышкандарды, жаштарды колдоп турду. Сабыр агайдын жүрөгү тоодой эле, коркуу сезими болгон жок, мен аны жанында жүрүп байкадым. 1989-жылдан тартып Кыргызстан УИАнын Тарых институтунун совет мезгили бөлүмүнө улук илимий кызматкер катары кирип, 1993-жылдан тартып бөлүм башчы болуп эмгектенди[2]. Сабыр Аттокуров агайым илимдин чыныгы дыйканы болчу.

---

[1] *Б.Урустанбеков,Т.К.Чороев.Кыргыз тарыхы энциклопедиясы, Б.,1990*

[2] *Материалы республиканской научной конференции, посвященной 80-летию со дня рождения известного ученого-историка, доктора наук, профессора Аттокурова Сабыра Аттокуровича, 12 апреля 2012 года – Бишкек, 2013. – 312 с. - Кыргызский Национальный университет им. Жусупа Баласагына. - ISBN: 978 9967 029 07 1; 9967 029 07 2.*

Качан барбайын Академияда иштеп отурганын көрчүмүн. Мурун тыюу салынып келген "Тагай бий" (1994), "Кыргыз санжырасын" (1995) "Кыргыз этнографиясынын тарыхнаамасын" (1996) жылдары тез арада жазып бүтүрдү[3]. Санжыра туурасында айтканы ушул күнгө чейин эсимде, "санжырага өтө кылдат мамиле жасоо керек, болбосо жомок болуп калат" деп туюндурган. "Санжыранын түпкү максаты кыргыздарды урууга бөлүү эмес, аларды ким кайдан экенин билүүгө үйрөтүү" деп айтаар эле. Азыр биз анын чындыгын көрүп жатабыз. Билген, билбегенибиз деле өз уруусун мактап санжыра жазып жатышат.

Агайдын "улутчул" аталышы дагы ушул эмгектерине байланышкан. Студенттерге кыргыз этнографиясынан окуган дарсында кыргыз элинин өзгөчөлүгүн, каада-салтын, үрп-адатын жана аларды сактап калуу зарылчылыгын айтат деп күнөө табышкан. Агайдын илимий ишмердүүлүгүнө кайрылсак 200дөн ашык илимий–популярдуу окуу китептерди,10дон ашык монография жана макалаларды жазып калтырды. Илим менен эле чектелбестен, жаш кезинде ыр жазып жыйнак кылып чыгарган. Профессор, этнограф Сабыртокто Аттокуров агайдын илимге кошкон салымы зор десек болот.

Кыргызда жакшы сөз бар "Устатынан шакирти өтүптүр" деген анын сынарындай Кыргызстандын УИАнын академиги Абылабек Асанканов агайым Сабыр агайдын жакын окуучусу-шакирти. Бир арыктан суу ичип дегендей, туулуп, өскөн жерлери дагы бир өрөөндүн жылгасы. Абылабек Асанканов агай 1954-жылы 27-декабрда Нарын облусуна караштуу Жумгал районунун Жаны-Арык айылында жарык дүйнөгө келген.1972–1977-жылдары Кыргыз мамлекеттик университенин тарых факультетин окуп бүтүргөн. Эмгек жолун Жумгал районундагы Көл-Арык орто мектебинде мугалимдик кесиптен баштап, 1979-жылдан тартып Фрунзе калаасына келип, Политехникалык институттун КПССтин тарыхы кафедрасынын окутуучусу катары кесибин улайт. Илимдин келечегин эрте баамдаган Абылабек агай көпкө кармалбай 1980-жылы СССР илимдер академиясынын Н.Н.Михлуко-Маклай атындагы Этнология жана антропология институтуна аспирантурага тапшырып, 1983-жылы аяктап кандидаттык диссертацияны ийгиликтүү коргоого жетишет. Андан сон, Кыргыз мамлекеттик университетинде этнография кафедрасын жетектөө менен аталган институттун докторантурасын бүтүрүп, 1993-жылы докторлук диссертацияны жактайт. Илимдин жолун тапкан Абылабек Асанканов агайга этнология илими боюнча чыгаан адис болуп чыгышына ушул институт таасир бергендей. Учурда дагы бул институт менен өз ара байланыш күч алгандай. Атап айтканда, Москвадан жакында жарык көргөн "Кыргыздар" деген фундаменталдуу эмгек мунун далили.

Устат-шакирт деген кыргыз элинде терен мааниге ээ. Абылабек агайдын Москвадан алган теориялык-методологиялык билими Кыргызстан үчүн пайдалуу болду десек туурадыр. Азыр Кыргызстанда этносоциология багытында илимий мектеп түзүлдү. Тактап айтканда, Абылабек Асанкановичтин жетекчилигинде 60 ашык аспирант, докторанттар илимий иштер менен алектенүүдө.

Кандай гана коом болбосун, өнүгүү жолунда улуттук аң-сезимге таянат эмеспи. Жыйырманчы кылымдын 80-жылдарынын акырында кыргыз коомчулугу саясий өзгөрүүгө дуушар болду. Кыргыз улуту кайра куруу процессин башынан өткөрүп, улуттук кайра жаралууга кадам таштаган учур эле. Ошондой кырдаалда Абылабек агай "Социально-культурное развитие современного киргизского населения (опыт этносоциологического исследования)" (1989) деген эмгегин жазганга жетишти. Биринчилерден болуп, айыл калкынын соцалдык-маданий өнүгүүсүнө илимий анализ жүргүзүлдү. Андан сон "Кыргызы: рост национального самосознания"(1997) аттуу монографиясы жарыяланды[4]. Бул эмгекте кыргыздардын өз улуттук баркын сезүү, сыймыктануу сезиминин жогорулаганын, аларга таасир берген саясий, экономикалык жана маданий факторлордун ордун, табиятын түшүндүрүүгө алгачкы кадам жасалды.

Абылабек агайдын дагы бир жөндөмдүүлүгү беттеген ишти өтөөсүнө чыгарганында. Азыркынын тили менен айтканда жакшы менеджер.Учурда илим жаатында УИАнын тарых институтун жетектөө менен эл аралык иштерди тынымсыз алып барганы көрүнүп калды. Мисалы, Кытай, Россия жана башка мамлекеттер менен байланыш түзүүдө[5]. Ал эми саясий

[3] *С.Аттокуров,"Кыргыз этнографиясынын тарых наамасы" .Б.,1996.*
[4] *А.Асанканов, Кыргызы: рост национального самосознания. Б., 1997.*
[5] *https://nagrada.srs.kg/site/person/72171*

-коомдук иштерди алсак, 1995-жылы "Манас"эпосунун 1000 жылдыгын белгилөөнү даярдоодо "Манас-1000" дирекциясынын алдында уюшулган өкмөткө караштуу "Мурас"ишкер долбоорунун директору болуу менен симпозиум, коференция өткөрүп, кыргыз тарыхы, этнографиясы, Манас эпосунун үч илтигин толук басмадан чыгарган болчу. Илим менен катарлаш саясатта, мамлекеттик иште Кыргыз Республикасын Президентинин апаратынын социалдык саясат бөлүмүнүн башчысы, Этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракетенүү бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалады. Абылабек Асанканович учурунда КМУнун тарых факультетинин деканы, И.Арабаев атындагы КМУнун ректору болуп турду. Демек, Абылабек агай ар бир иштин өтөөсүнө чыккан кыргыздын чыгаан инсаны. Абылабек агайга мындан ары дагы ишиндеги күжүрмөн ийгиликтерди каалайм. Жетимиш жылдык кутман курагыныз кут болсун.

**Пайдаланган адабияттар:**


1. Б.Урустанбеков,Т.К.Чороев.Кыргыз тарыхы энциклопедиясы, Б.,1990
2. Материалы республиканской научной конференции, посвященной 80-летию со дня рождения известного ученого-историка, доктора наук, профессора Аттокурова Сабыра Аттокуровича, 12 апреля 2012 года – Бишкек, 2013. – 312 с. - Кыргызский Национальный университет им. Жусупа Баласагына. - ISBN: 978 9967 029 07 1; 9967 029 07 2.
3. С.Аттокуров,»Кыргыз этнографиясынын тарых наамасы» .Б.,1996.
4. А.Асанканов, Кыргызы: рост национального самосознания. Б., 1997.
5. https://nagrada.srs.kg/site/person/72171


***Таирова Айсулуу Шүкүралиевна***
*ОшМУнун Чыгыш таануу институтунун*
*чыгыш таануу кафедрасынын окутуучусу*

## А.А. АСАНКАНОВДУН ТАРЫХЫЙ БУЛАКТАРДЫ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ САЛЫМЫ, ЭКСПЕДИЦИЯЛАРЫ ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ

***Таирова Айсулуу Шукуралиевна***
*преподаватель кафедры востоковедения,*
*Института востоковедения ОшГУ*

## ВКЛАД, ЭКСПЕДИЦИИ И ТРУДЫ А. А. АСАНКАНОВА В ИССЛЕДОВАНИЕ ИСТОРИЧЕСКИХ ИСТОЧНИКОВ

***Tairova Aisuluu Shukuralievna***
*Lecturer at the Department of Oriental Studies,*
*Institute of Oriental Studies Osh State University*

## CONTRIBUTION, EXPEDITIONS AND WORKS OF A. A. ASANKANOV TO THE STUDY OF HISTORICAL SOURCES

**Аннотация.** Бул макалада А.А Асанкановдун кыргыз тарыхы жана маданияты жаатында чоң салым кошкон көрүнүктүү илимпоз катары кыргыз элинин тарыхын, этногенезин, көчмөн маданиятын жана мамлекеттүүлүгүн изилдеген жазма, оозеки жана археологиялык материалдарды колдонуу менен илимге жаңы фактыларды алып келген экспедициялары, эмгектери жана салымы каралат.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз элинин этногенези, этнография, этносоциология, коомдук-маданий өнүгүү, Синьцзяндагы кыргыздар, миграциялык процесстер, кыргыздардын маданий баалуулуктары, Советтик мезгилдеги кыргыз айылдары, этностук өзгөчөлүктөр, кыргыздардын тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрү.